**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ИЛИМ, ЖОГОРКУ БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИННОВАЦИЯЛАР МИНИСТРЛИГИ**

**Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети**

**МИНИСТЕРСТВО НАУКИ, ВЫСШЕГО ОБРАЗОВАНИЯ И ИННОВАЦИЙ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

**Кыргызский национальный университет им. Ж. Баласагына**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2026-ж. 24-марты № 103 Бишкек ш.

**Студенттерди кошуу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Президентинин 2025-жылдын 11-сентябрындагы № 256 “Кыргыз Республикасынын билим берүү чөйрөсүндөгү айрым маселелер жөнүндө” Жарлыгын, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2025-жылдын 24-декабрындагы №826 Токтомун жана Кыргыз Республикасынын Илим, жогорку билим берүү жана инновациялар министрлигинин 2026-жылдын 13-январындагы № 06 “Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетин кайра уюштуруу жөнүндө”, университеттин 2026-жылдын 17-мартындагы №92 “Документтерди өткөрүп берүү-өткөрүп алуу иштерин уюштуруу жөнүндө” буйруктарын аткаруу максатында жана окуу бөлүмүнүн башчысы А.Т. Кыдыралиевдин билдирүүсүнүн негизинде **буйрук кылам:**

1. Мурунку С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин студенттерин Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин студенттеринин катарына кошуу иш-чараларын аткарууга төмөндөгүдөй курамдагы комиссия түзүлсүн:

- окуу бөлүмүнүн башчысы А.Т. Кыдыралиев - комиссиянын төрагасы;
- билим берүүнүн сапатынын мененджмент системасы департаментинин директору Ж.Ж.Койчиева -төраганын орун басары;

комиссиянын мүчөлөрү:

- студенттик кадрлар бөлүмүнүн башчысы А.К. Жузубалиева;
- дипломдорду даярдоо жана мамлекеттик аттестациянын уюштуруу бөлүмүнүн башчысы Т.Т. Алмерекова;
- окуу бөлүмүнүн башкы адиси Э.А. Куренкеева;
- координатор Э.А. Саргашкаев;
- мурунку С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин окуу башкармалыгынын башчысы Ж.Ж. Усубалиева;
- билим берүү сапатынын менеджмент системасы департаментинин электрондук билим берүү технологиялар бөлүмүнүн башкы адиси А.С. Асанкулова.

2. Мурунку С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университети (Э.А. Саргашкаев, Ж.Ж. Усубалиева) өзүнүн бардык окуу түзүмдөрүнүн студенттеринин тизмесин университеттин студенттик кадрлар бөлүмүнө 2026-жылдын 26-мартына чейин билдирүү аркылуу жөнөтсүн.

3. Комиссиянын төрагасы комиссиянын курамы менен биргеликте мурунку С.Нааматов атындагы Нарын мамлекеттик университетинин студенттерин кошуу боюнча отурумду 2026-жылдын 30-мартына чейин өткөрсүн жана комиссиянын чечиминин негизинде студенттерди кошуу боюнча буйруктун долбоорун даярдашсын.

4. Бул буйрук менен кызыкдар тарапты маалымдоо жалпы бөлүмгө тапшырылсын.

5. Буйруктун аткарылышын көзөмөлдөө биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор А.Б. Шамшиевге жүктөлсүн.

**Ректор** **Д.Т. Чонтоев**

Макулдашылды:

Илимий иштер боюнча проректор М. Камчыбек уулу

Юридика бөлүмүнүн башчысы Р.К. Токтоналиев

Жалпы бөлүмдүн башчысы Э.К. Турдуманбетова

**Биринчи проректор-окуу иштери боюнча проректор** **А.Б. Шамшиев**